ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун административдик кеңешинин кезектеги жыйынынын

# ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ

*4-июль, 2024-жыл*
*Төрага:* Б.А. Азимов
*Окумуштуу катчы:* А.А. Абдилазизова
*Катышкандар*: Б.А. Азимов, М.Ч. Осконбаев, З.Ш. Айдарбеков, А.О. Келдибекова, Г.М. Борбоева, У.А. Сопуев, М.Ж. Калбекова, А.Ж. Кудуев, Т.М. Жолдошов, Т.К. Матисаков, А.М. Токторбаев, Абдумиталип уулу К., А.А. Акматов, У.З. Эркебаев, А.А. Абдилазизова, Бекмырза уулу Ы.

## КҮН ТАРТИБИ:

***Ар түрдүү маселелер***

МФТИТ институтунун даярдоо багыттары үчүн "ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобого" ылайык бакалавриат жана магистратура билим берүү деңгээлдерине иштелип чыгылган эксперименталдык окуу пландарын талкуулоо.

**УГУЛДУ:**

*1) Азимов Б.А. – институттун директору, доцент.*

– Урматтуу кесиптештер, ар бир даярдоо багыты боюнча эксперименталдык окуу пландары иштелип чыгылып, тиешелүү жумушчу топтордо талкуудан өткөн. Жумушчу топтун протоколдору административдик кеңештин кароосуна келип түштү. Сөздү математика, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасында жүзөгө ашырылып жаткан 550200 – Физика-математикалык билим берүү программасынын (даярдоо профили: математика жана информатика) бакалавриат жана магистратура, 580200 Менеджмент (даярдоо профили билим берүүдөгү менеджмент) магистратура деңгээлдеринин пландарды иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун төрайымы, профессор А. О. Келдибековага сөз беремин.

*– А. О. Келдибекова – кафедранын башчысы, профессор.*

– "ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобого" ылайык жогоруда аталган программанын бакалавриат жана магистратура билим берүү деңгээлдерине эксперименталдык окуу пландары иштелип чыгылды. Жумушчу топтун биринчи отурумунда планга киргизилүүчү окуу дисциплиналары белгиленген. Бул программаларда жобого ылайык кесиптик дисциплиналар А, В, С категорияларына бөлүштүрүлдү, тандоо курстарына илимдин жана билим берүүнүн заманбап маселелерин чечүүгө багытталган темалар сунушталды.

Административдик кеңештин мүчөлөрү 550200 – Физика-математикалык билим берүү программасынын (даярдоо профили: математика жана информатика) бакалавриат жана магистратура, 580200 Менеджмент (даярдоо профили билим берүүдөгү менеджмент) багытынын магистратура деңгээлдери үчүн түзүлгөн эксперименталдык окуу пландарын талкуулап, төмөнкүдөй чечимге келишти:

***Чечим:***

550200 – Физика-математикалык билим берүү программасынын (даярдоо профили: математика жана информатика) бакалавриат жана магистратура, 580200 Менеджмент (даярдоо профили билим берүүдөгү менеджмент) магистратура деңгээлдери үчүн түзүлгөн эксперименталдык окуу пландары жактырылсын

Төрага Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы А.А. Абдилазизова